**“Бекитемин”**

**Мектеп директору:** **Оморов Т.**

“__02____” ____09_____2022ж

**Ж. Бөкөнбаев атындагы гимназия – жатак жалпы билим берүүчү**

**мектебинин усулдук бирикме жөнүндө жобо**

## I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Ушул жобо Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик билим берүү жайларында предметтик муғалимдердин усулдук бирикмелери жөнүнде» типтүү жобонун негизинде иштелип чыкты.

1.2. инновациялык гимназия мектебинин усулдук бирикме (УБ)- предметтер боюнча мугалимдерди жана тарбиячыларды бириктирип турган усулдук кызматтын структуралык белүгү

## II. Усулдук бирикменин функциялары:

2.1 Бирикменин окуу дисциплиналары боюнча билим берүү процессинин пландаштырылышын,уюштурулушун, көзөмөлгө алуу жана анализдөөнү камсыз кылуу.

2.2. Традициялык окуу программаларын корректировкалоо,жаңы инновациялык программаларды иштеп чыгып, талкуулап,аларды гимназия-интернаттын педкеңешине бекиттирүүгө коюу.

2.3. Жекече сабак берүү усулдарын иштеп чыгуу же корректировкалоо.

2.4. Окутуу-усулдук колдонмолорун жана дидактикалык каражаттарды даярдоо.

2.5. инновациялык гимназия мектебинин планынын негизинде илимий изилдөө иштерин жана эксперименталдык иштерди өткөрүү.

2.6. Бирикменин мугалимдеринин илимий усулдук жана жеке пландарын бекитүү.

2.7. Бирикме мүчөлөрүнүн инновациялык педагогикалык тажрыйбаларын жалпылоо, окуп үйрөнүү.

2.8 Бирикменин мугалимдеринин адистик компетенциясын өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү.

2.9. инновациялык гимназия мектебинин башка усулдук бирикмелери, билим берүүчү жана маданий мекемелер менен бирдикте иштерди уюштурат.

2.10. Жаңы иштеп жаткан тажрыйбасы аз мугалим-тарбиячылар үчүн усулдук семинарларды уюштурат.

2.1 Өз иши боюнча усулдук бирикме педагогикалык кеңешмеге отчет берип туруусу керек.

## III. Усулдук бирикмедеги мугалимдердин функционалдык милдеттери

3.1. Усулдук бирикменин методикалык жана маалымат ишине катышуу.
3.2. Усулдук бирикменин илимий-методикалык семинарларына,алдыңкы тажрыйбанын мектебине катышуу ж.б.
3.3 Окуткан предметтин мазмунун илимий-усулдук жактан камсыз кылуу боюнча жүргүзүлгөн иштерге ,курстарга ж.б. катьппуу.
3.4. Окуу предметтерин окутууну пландаштыруу прогноздоо, диагностикалоо маселеси боюнча керектелүүчү психологиялык колдонмону ипггеп чыгуу.
3.5. Усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн ортосунда жекече жыйынтыкталган тажрыйбаны таратуу ишин жүргүзүү.
3.6. Окутуу процессинде колдоно турган окутуунун,тарбиялоонун,өнүктүрүүнүн өтө натыйжалуу методдору боюнча чыгармачылык отчетторду даярдоо.
3.7. Усулдук бирикмедеги жаш мугалимдерге жардам берүү.(аңгемелешүү,ачык сабактарды өткөрүү, өз ара сабактарга катышуу аркылуу)
3.8. инновациялык гимназия мектебинин Гимназия-интернатгагы педагогикалык жаамат үчүн предметти окутуунун методикасындагы актуалдуу проблемалары боюнча консультацияларды өткөрүү.
3.9. инновациялык гимназия мектебинин администрациясы менен бирдикте мугалим, тарбиячыларды аттестациялоого даярдоо ишине катышуу.

3.10. инновациялык гимназия мектебинин мугалим, тарбиячылары жана окуучулары менен бирдикте (усулдук бирикменин тапшырмасы боюнча) илимий- практикалык конференцияларды өткөрүү.

**IV.Усулдук бирикменин мүчөсү болгон мугалимдердин милдеттери:** 4.1. Билим берүүнүн сапатын жакшыртууга көмөктөшө турган сабактардын илимий иштелмелерин, инновациялык-технологияларды колдонуу менен өтүлгөн сабактардын иштелмелерин, сабактардын анализдерин,тесттердин жыйынды банкын түзүү;
4.2.Окуткан предмети боюнча педагогикалык алдыңкы тажрыйбанын картотекасын жүргүзүү жана өзүн-өзү башкаруу иштери боюнча усулдук сунуштарды (рекомендацияларды) даярдоо.
4.3. Инновациялык технологияларды жайылтууда райондук, шаардык, мектептеги эксперименттерди уюштурууга жана аны аткарууга активдүү катышуу, өз билимин өркүндөтүү;
4.4. Мектептеги олимпиаданы өткөрүү үчүн текшерүү материалдарын, тесттерди иштеп чыгуу.